КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК - КӨЛ РАЙОНУ
ЧОЛПОН - АТА ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК - КУЛЬСКИЙ РАЙОН
ЧОЛПОН - АТИНСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

26.09.2022 № 30/19-7

г. Чолпон - Ата

**Чолпон-Ата шаардык кеңешинин XXҲ-чакырылышынын**
**кезексиз XXIX сессиясы**

**Чолпон-Ата шаарынын ичинде жүргөн маршруттук каттамынын жол кире тарифине өзгөртүү киргизүү жана бекитип берүү жөнүндө**

Чолпон-Ата шаардык мэриясынын 2022-жылдын 6-сентябрындагы №01-1-11/1041 сунушу жана Чолпон-Ата шаарында жайгашкан "Чолпон-Ата ПАТП" ЖЧКсынын 2022-жылдын 23-августундагы №9 жазган кайрылуусун карап чыгып, шаардык кеңештин «Бюджет, каржы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясы» жана «Экология, көрктөндүрү, жашылдандыруу, жер, транспорт байланышы, курулуш жана жеке ишкер боюнча» туруктуу комиссияларынын 2022-жылдын 6-сентябрындагы биргелешкен отурумунун протоколун карап чыгып, талкуулап Чолпон-Ата шаардык кеңеши,

**Токтом кылат:**

1. Күйүчү майдын кымбатташын эске алып, Чолпон-Ата шаардык кеңешинин 2021-жылдын 1-декабрындагы №30/8-2 Токтомунун 2- пунктуна өзгөртүү киргизилсин.
2. ПМК-Чолпон-Ата-Бостери каттамында жүргөн маршруттук каттамынын жол кире тарифи 2022-жылдын сентябрынан баштап төмөндөгүдөй бекитилсин.
   - 1 адамга ПМК- Чолпон-Ата- Бостери-15-00 сом;
   - 7 жашка чейинки балдарга бекер;

   ПМК-Чолпон-Ата шаар ичиндеги жана ,Бостери айыл ичиндеги

   -Калктын жеңилдикке муктаж катмары болуп эсептелген жарандарга пенсионерлерге, майптарга (күбөлүгүнүн негизинде)-10-00сом,

   -Мектеп окуучуларына ПМК-Чолпон-Ата-Бостери-15-00сом

   - Калктын жеңилдикке муктаж катмары болуп эсептелген жарандарга пенсионерлерге, майптарга (күбөлүгүнүн негизинде)-10-00сом, 9-00дон 17-00го чейин деген убакытты чектөө коюлбасын

   - Маршруттук каттамды 2 кичи районунун мектеп окуучуларын ташуу үчүн иш күндөрү 7-30 жана 17-00 үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.
3. "Чолпон-Ата ПАТП" ЖЧКсынын жетекчиси О.Н.Титовго ар бир айдоочунун салонунун ичине тариф, схема, айдоочунун аты жөнү, санитардык норма жана этика эрежелери жөнүндө жарыяны илдирүү жагы милдеттендирилсин.
4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагын шаардык кеңештин «Бюджет, каржы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясы» жана «Экология, көрктөндүрү, жашылдандыруу, жер, транспорт байланышы, курулуш жана жеке ишкер боюнча» туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Бакиров**

**жиберилди:** иш-кагазга-1, мэрияга-1, "Чолпон-Ата ПАТП" ЖЧКсына-1, массалык-маалымат каражаттарына-1, Облустук юстиция башкармалыгына